Мамлекеттик кызматчынын жана
анын жакын туугандарынын
кирешелери, мүлкү жана
милдеттенмелери жөнүндө
декларациянын бланкына
1-тиркеме

**Декларацияны толтуруу жана берүү боюнча**
**НУСКАМА**

## 1. Жалпы жоболор

1. Декларация мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы тарабынан жазуу жүзүндө же электрондук формада толтурулат.

Жазуу жүзүндөгү декларацияны мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы өз колу менен толтурат, жазуулар так жана түшүнүктүү кол тамгалар менен жазылат. Электрондук формадагы декларация кагазга чыгарылууга тийиш.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-декабрындагы № 873 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын күчү жайылтылган мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар декларацияны эки нускада толтурушат, декларациянын бир нускасы чапталган конвертте ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кол менен жеткирилет же анын дарегине почта аркылуу жөнөтүлөт. Декларациянын экинчи нускасы мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыда калат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-декабрындагы № 873 токтомунун редакциясына ылайык)*

3. Администрациялык мамлекеттик кызматтарды ээлеген мамлекеттик кызматчылар декларацияны эки нускада толтурушат, бир нускасы мамлекеттик органдагы (мамлекеттик органдын аймактык же ведомстволук бөлүмдөрүндөгү) декларацияларды чогултууга жооптуу адиске берилет, декларациянын экинчи нускасы мамлекеттик кызматчыда калат.

4. Администрациялык мамлекеттик кызматты ээлеген мамлекеттик кызматчы декларациянын бланкын толтургандан кийин, мамлекеттик органдагы (мамлекеттик органдын аймактык же ведомстволук бөлүмдөрүнүн) декларацияларды чогултууга жооптуу адис толтурулган маалыматтардын толуктугун жана тууралыгын, анын ичинде жеке идентификациялык номердин (ЖИН) бардыгын жана декларациянын ар бир барагында мамлекеттик кызматчынын колу коюлгандыгын текшерет.

Текшерүүдөн кийин декларациянын ар бир барагына мөөр басылат (персоналды башкаруу боюнча кызматтын бөлүмү же мамлекеттик органдын документтик камсыздоо кызматы).

5. Мамлекеттик органдын борбордук аппаратындагы декларацияларды чогултууга жооптуу адис мамлекеттик органдын борбордук аппаратынын, аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн администрациялык мамлекеттик кызматты ээлеген кызматчыларынын декларацияларын борборлоштурулган чогултууну ишке ашырат.

Мамлекеттик орган администрациялык мамлекеттик кызматтарды ээлеген мамлекеттик кызматчылардын декларацияларын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кол менен жеткирет же анын дарегине почта аркылуу жөнөтөт.

## 2. Декларациянын бланкын толтуруу тартиби

| Номер | |
|---|---|
| 100 | Декларациянын катар номери (ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматчысы тарабынан коюлат) |

| | |
|---|---|
| I БӨЛҮМ. МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЧЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ | |
| ЭЭЛЕГЕН МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫ | |
| 101 | Декларанттын ээлеген кызматы Мамлекеттик кызматтардын реестрине ылайык "V" белгиси менен белгиленет |
| ДЕКЛАРАЦИЯ БЕРҮҮ МЕЗГИЛИ | |
| 102 | Декларация берүү мезгили "V" белгиси менен белгиленет: |
| 103 | Фамилиясы |
| 104 | Аты |
| 105 | Атасынын аты |
| 106 | Жеке идентификациялык номери (ЖИН) |
| 107 | Өз алдынча мамлекеттик орган |
| 108 | Ведомстволук мамлекеттик орган (ведомстволук органдар, аймактык өкүлчүлүк) |
| 109 | Түзүмдүк бөлүмү (башкармалык/бөлүм/сектор) |
| 110 | Ээлеген кызматы |
| 111 | Кызматтык дареги |
| 112 | Кызматтык телефону |
| 113 | Кызматка дайындалган күн |
| 114 | Кызматтан бошотулган күн |
| ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНДАРЫ/БАГУУСУНДАГЫ АДАМДАР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ | |
| 115 | Жакын туугандары жана багуусундагы адамдар (жакын туугандарынын аты-жөнү, ЖИНи көрсөтүлөт) |
| 116 | Декларанттын жакын туугандарынын/багуусундагы адамдардын туугандык даражасы (Туугандыктын коду жана даражасы Жакын туугандарынын/багуусундагы адамдардын туугандык даражасынын классификаторуна ылайык аныкталат) |
| 117 | Жакын туугандарынын эмгек иши (эгерде жакын тууганы иштесе - "V" деген белги менен белгиленет жана иштеген жери көрсөтүлөт) |
| 118 | Жакын тууганынын ээлеген кызматы |
| II БӨЛҮМ. ДЕКЛАРАНТ ДЕКЛАРАЦИЯ БЕРҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ АКЧА КАРАЖАТТАРЫ (МҮЛК) ТҮРҮНДӨ АЛГАН КИРЕШЕЛЕРИ | |
| 201 | Мамлекеттик кызматчы кирешелер, мүлк жана милдеттенмелер жөнүндө маалыматтарды берген мезгилдин башы |
| 202 | Мамлекеттик кызматчы кирешелер, мүлк жана милдеттенмелер жөнүндө маалыматтарды берген мезгилдин аягы |
| 203 | Кирешенин/мүлктүн коду төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт:<br>- Акча каражаттар түрүндөгү кирешелердин классификаторуна;<br>- Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 204 | Кирешенин/мүлктүн аталышы төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт:<br>- Акча каражаттары түрүндөгү кирешелердин классификаторуна;<br>- Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 205 | Кирешенин суммасы/мүлктүн наркы сом менен көрсөтүлөт. Декларант тарабынан чет элдик валютада алынган кирешенин суммасы/мүлктүн наркы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын киреше же мүлк алынган күнгө карата курсу боюнча сом менен көрсөтүлөт |

| | |
|---|---|
| 206 | Кирешенин/мүлктү сатып алуунун негизинин коду Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 207 | Кирешени алуунун/мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 208 | Киреше алынган өлкөнү көрсөтүү менен, кирешени төлөп берген адамдын аты жөнү/уюмдун же башка булактын аталышы |
| 209 | Эгерде келишим бар болсо, анын номери көрсөтүлөт |
| II-А БӨЛҮМ. ДЕКЛАРАНТТЫН ДЕКЛАРАЦИЯЛОО МЕЗГИЛИНДЕГИ ЧЫГЫМДАРЫ(*)<br>____ / ____/ ____ тартып ____ / ____/ ____ чейин | |
| 210 | Мүлктүн коду Кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 211 | Мүлктүн аталышы Кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 212 | Бүтүмдүн суммасы, сом менен |
| 213 | Мүлктү сатып алуу булагынын коду Акча каражаттары түрүндөгү кирешелердин жана мүлктү сатып алуу булагынын классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 214 | Мүлктү сатып алуунун булагы |
| 215 | Мүлктү сатып алуунун негизинин коду Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 216 | Мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 217 | Бүтүм түзүлгөн күнү |
| 218 | Менчик укугу пайда болуу жана аны күбөлөндүрүү үчүн негиз салуучу документтердин аталышы жана реквизиттери |
| (*) Эгерде мүлктүн наркы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген эсептөө көрсөткүчүнүн 3000 эселик өлчөмүнөн ашып кетсе, анда "Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын күчү жайылтылган адамдар тарабынан гана толтурулат. | |
| III-А БӨЛҮМҮ. ___/_______ КАРАТА ДЕКЛАРАНТКА МЕНЧИК УКУГУНДА ТААНДЫК КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК | |
| 301 | Мүлктүн коду Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 302 | Мүлктүн аталышы Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 303 | Сатып алуу учурундагы кыймылсыз мүлктүн наркы көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларацияны толтуруу күнүнө карата рыноктук (баалоо) наркы сом менен көрсөтүлөт |
| 304 | Мүлктүн үлүшү пайыздар (%) менен көрсөтүлөт |
| 305 | Кыймылсыз мүлктүн аянты квадрат метр менен көрсөтүлөт |
| 306 | Мүлктү сатып алуунун негизинин коду Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 307 | Мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 308 | Кыймылсыз мүлк сатып алынган күн |
| 309 | Кыймылсыз мүлктүн идентификациялык коду |
| 310 | Кыймылсыз мүлктүн бирдигинин жайгашкан жери (дареги) (шаар, айыл, көчө, үй, кв). Кыймылсыз мүлк Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары бар болгон учурда - кыймылсыз мүлк жайгашкан өлкө көрсөтүлөт |
| III-Б БӨЛҮМҮ. ___/______ КАРАТА ДЕКЛАРАНТКА МЕНЧИК УКУГУНДА ТААНДЫК КЫЙМЫЛДУУ МҮЛК | |

| | |
|---|---|
| 401 | Мүлктүн коду Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 402 | Мүлктүн аталышы Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 403 | Сатып алуу учурундагы кыймылдуу мүлктүн наркы көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларацияны толтуруу күнүнө карата рыноктук (баалоо) наркы сом менен көрсөтүлөт |
| 404 | Мүлктүн үлүшү пайыздар (%) менен көрсөтүлөт |
| 405 | Мүлктү сатып алуунун негизинин коду Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 406 | Мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 407 | Мүлк сатып алынган күн |
| 408 | Каттоо маалыматтары:<br>- транспорт каражаттарын көрсөтүүдө маркасы, модели, чыккан жылы, кыймылдаткычынын көлөмү жана кузовунун каттоо номери көрсөтүлөт;<br>- талап кылуу укугу жайылтылган чарбакер субъекттердин уставдык капиталындагы мүлктү көрсөтүүдө юридикалык жактын аталышы көрсөтүлөт;<br>- банк мекемелердеги акча каражаттарын, баалуу металлдарды же зергер буюмдарды (сактоо) көрсөтүүдө банктын реквизиттери көрсөтүлөт |
| 409 | Катталган жери:<br>- транспорт каражатын каттоодо транспорт каражаты катталган жер көрсөтүлөт;<br>- талап кылуу укугу жайылтылган чарбакер субъекттердин уставдык капиталындагы мүлктү көрсөтүүдө юридикалык жактын аталышы көрсөтүлөт;<br>- банк мекемелердеги акча каражаттарын, баалуу металлдарды же зергер буюмдарды (сактоо) көрсөтүүдө банктын дареги көрсөтүлөт |
| IV БӨЛҮМ. ДЕКЛАРАНТТЫН ТАЛАП КЫЛУУ УКУГУ ЖАЙЫЛТЫЛГАН, ИШЕНИМДҮҮ БАШКАРУУГА БЕРИЛГЕН ЧАРБАКЕР СУБЪЕКТТЕРДИН УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДАГЫ МҮЛКҮ | |
| ДЕКЛАРАНТТЫН ЧАРБАКЕР СУБЪЕКТТЕРДИН УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДАГЫ МҮЛКҮ | |
| 501 | Мүлктүн коду төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт:<br>- Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 502 | Мүлктүн аталышы төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт:<br>- Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 503 | Мүлктүн сатып алуу учурундагы наркы көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларацияны толтуруу күнүнө карата рыноктук наркы (баалоо) сом менен көрсөтүлөт. Мүлктүн чет элдик валютадагы наркы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын сатып алуу учур карата курсу боюнча сом менен көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларацияны толтуруу күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча рыноктук наркы (баалоо) сом менен көрсөтүлөт |
| 504 | Мүлктүн үлүшү пайыздар менен (%) көрсөтүлөт |
| 505 | Салык төлөөчүнүн - чарбакер субъекттин идентификациялык номери |
| 506 | Чарбакер субъекттин толук дареги - жайгашкан жери |
| 507 | Чарбакер субъекттин аталышы |
| ИШЕНИМДҮҮ БАШКАРУУЧУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ | |
| 508 | Салык төлөөчүнүн - ишенимдүү башкаруучунун идентификациялык номери |
| 509 | Ишенимдүү башкаруучунун аты-жөнү/аталышы |
| 510 | Келишимди колдонуу башталган күн |

| | |
|---|---|
| 511 | Келишимдин колдонулушу аяктаган күн |
| 512 | Эгерде келишим бар болсо, анын N |
| V БӨЛҮМ. __/__/_____ КАРАТА ДЕКЛАРАНТТЫН МИЛДЕТТЕНМЕСИ | |
| 601 | Милдеттенменин коду Милдеттенмелердин классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 602 | Милдеттенменин аталышы Милдеттенмелердин классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 603 | Кредитордун/зайым алуучунун аталышы |
| Милдеттенменин пайда болуусунун негиздери | |
| 604 | Келишим түзүлгөн күн |
| 605 | Келишимдин N (эгер бар болсо) |
| 606 | Милдеттенменин күнү |
| 607 | Милдеттенменин күчүнүн мөөнөтү аяктаган күн |
| 608 | Милдеттенменин суммасы, сом менен |
| Негизги карызды тындыруу суммасы | |
| 609 | Сом менен |
| 610 | Пайыздар менен |
| Тындырылбаган негизги карыздын калдыгы | |
| 611 | Сом менен |
| 612 | Пайыздар менен |
| МЕН ТОЛТУРГАН МААЛЫМАТТАРДЫН ТУУРАЛЫГЫН ЖАНА ТОЛУКТУГУН ЫРАСТАЙМ | |
| ПАСПОРТТУК МААЛЫМАТТАР | |
| 613 | Декларанттын паспортунун сериясы жана номери |
| 614 | Декларантка паспорт берген орган |
| ЖАШАГАН ЖЕРИ (декларанттын үй дареги) | |
| 615 | Почта индекси |
| 616 | Облус, шаар, район, айыл |
| 617 | Көчө/к-район, үй, квартира N |
| 618 | Телефон номери (үй) |
| 619 | Телефон номери (уюлдук) |
| 620 | Декларация толтурулган күн |
| 621 | Декларанттын колу |
| 622-624 | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кирешелерди декларациялоо бөлүмү тарабынан толтурат |
| (*) "Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 5-статьяларынын күчү жайылтылган адамдар гана толтурат | |
| ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНДАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР | |
| VI БӨЛҮМ. ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН ДЕКЛАРАЦИЯЛОО МЕЗГИЛИНДЕ АКЧА КАРАЖАТТАРЫ (МҮЛК) ТҮРҮНДӨ АЛЫНГАН КИРЕШЕЛЕР | |
| 201 | Мамлекеттик кызматчы кирешелер, мүлк жана милдеттенмелер жөнүндө маалыматтарды берген мезгилдин башы |
| 202 | Мамлекеттик кызматчы кирешелер, мүлк жана милдеттенмелер жөнүндө маалыматтарды берген мезгилдин аягы |

| | |
|---|---|
| | Жакын тууганынын/багуусундагы адамдын аты-жөнү |
| 203 | Мүлктүн коду төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт:<br>- Акча каражаттары түрүндөгү кирешелердин классификаторуна;<br>- Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 204 | Мүлктүн аталышы төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт:<br>- Акча каражаттары түрүндөгү кирешелердин классификаторуна;<br>- Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 205 | Кирешенин суммасы/мүлктүн наркы сом менен көрсөтүлөт. Декларанттын жакын туугандары/багуусундагы адамдары тарабынан чет өлкөлүк валютада алынган кирешенин суммасы/мүлктүн наркы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын киреше же мүлк алынган күнгө карата курсу боюнча сом менен көрсөтүлөт |
| 206 | Киреше алуунун/мүлктү сатып алуунун негизинин коду Кирешени алуунун/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 207 | Кирешени алуунун/мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 208 | Киреше алынган өлкөнү көрсөтүү менен, киреше төлөгөн адамдын аты-жөнү/уюмдун же башка булактын аталышы |
| 209 | Эгерде келишим бар болсо, анын номери көрсөтүлөт |
| VI-А БӨЛҮМ. ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНДАРЫНЫН ДЕКЛАРАЦИЯЛОО МЕЗГИЛИНДЕГИ ЧЫГЫМДАРЫ(*)<br>____ / ____/ ____ тартып ____ / ____/ ____ чейин | |
| жакын тууганынын аты-жөнү | |
| 210 | Мүлктүн коду Кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 211 | Мүлктүн аталышы Кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 212 | Бүтүмдүн суммасы, сом менен |
| 213 | Мүлктү сатып алуу булагынын коду Акча каражаттары түрүндөгү кирешелердин жана мүлктү сатып алуу булагынын классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 214 | Мүлктү сатып алуунун булагы |
| 215 | Мүлктү сатып алуу негизинин коду Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 216 | Мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 217 | Бүтүм түзүлгөн күнү |
| 218 | Менчик укугу пайда болуу жана аны күбөлөндүрүү үчүн негиз салуучу документтердин аталышы жана реквизиттери |
| (*) Эгерде мүлктүн наркы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген эсептөө көрсөткүчүнүн 3000 эселик өлчөмүнөн ашып кетсе, анда "Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын күчү жайылтылган адамдар тарабынан гана толтурулат. | |
| VII-А БӨЛҮМҮ. __/__/_______ КАРАТА ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНЫНА МЕНЧИК УКУГУНДА ТААНДЫК КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК | |
| 301 | Мүлктүн коду Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 302 | Мүлктүн аталышы Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |

| | |
|---|---|
| 303 | Сатып алуу учурундагы кыймылсыз мүлктүн наркы көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларацияны толтуруу күнүнө карата рыноктук (баалоо) наркы сом менен көрсөтүлөт |
| 304 | Мүлктүн үлүшү, пайыз (%) менен көрсөтүлөт |
| 305 | Кыймылсыз мүлктүн аянты, квадрат метр менен көрсөтүлөт |
| 306 | Мүлктү сатып алуунун негизинин коду Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 307 | Мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 308 | Кыймылсыз мүлк сатып алынган күн |
| 309 | Кыймылсыз мүлктүн идентификациялык коду |
| 310 | Кыймылсыз мүлктүн бирдигинин жайгашкан жери (дареги) (шаар, район, айыл, көчө, квартира). Кыймылсыз мүлк Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жакта бар болгон учурда - кыймылсыз мүлк жайгашкан өлкө көрсөтүлөт |
| VII-Б БӨЛҮМҮ. __/__/______ КАРАТА ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНЫНА МЕНЧИК УКУГУНДА ТААНДЫК КЫЙМЫЛДУУ МҮЛК | |
| 401 | Мүлктүн коду Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 402 | Мүлктүн аталышы Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 403 | Сатып алуу учурундагы кыймылдуу мүлктүн наркы көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларация толтурулган күнгө карата рыноктук (баалоо) наркы сом менен көрсөтүлөт |
| 404 | Мүлктүн үлүшү, пайыз (%) менен көрсөтүлөт |
| 405 | Мүлктү сатып алуунун негизинин коду Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 406 | Мүлктү сатып алуунун негизи Кирешенин/мүлктү сатып алуунун классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 407 | Мүлк сатып алынган күн |
| 408 | Каттоо маалыматтары:<br>- транспорт каражаттарын көрсөтүүдө маркасы, модели, чыгарылган жылы, кыймылдаткычынын көлөмү жана кузовунун каттоо номери көрсөтүлөт;<br>- талап кылуу укугу жайылтылган чарбакер субъекттердин уставдык капиталындагы мүлктү көрсөтүүдө юридикалык жактын аталышы көрсөтүлөт;<br>- банк мекемелериндеги акча каражаттарын, баалуу металлдарды же зергер буюмдарын көрсөтүүдө (сактоодо) банктын реквизиттери көрсөтүлөт |
| 409 | Катталган жери:<br>- транспорт каражатын каттоодо транспорт каражаты катталган жер көрсөтүлөт;<br>- талап кылуу укугу жайылтылган чарбакер субъекттердин уставдык капиталындагы мүлктү көрсөтүүдө юридикалык жактын дареги көрсөтүлөт;<br>- банк мекемелериндеги акча каражаттарын, баалуу металлдарды же зергер буюмдарын көрсөтүүдө (сактоодо) банктын дареги көрсөтүлөт |
| VIII БӨЛҮМ. ЖАКЫН ТУУГАНЫНЫН ТАЛАП КЫЛУУ УКУГУ ЖАЙЫЛТЫЛГАН, ИШЕНИМДҮҮ БАШКАРУУГА БЕРИЛГЕН ЧАРБАКЕР СУБЪЕКТТЕРДИН УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДАГЫ МҮЛКҮ | |
| ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНЫНЫН ЧАРБАКЕР СУБЪЕКТТЕРДИН УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДАГЫ МҮЛКҮ | |
| 501 | Мүлктүн коду төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт:<br>- Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 502 | Мүлктүн аталышы төмөнкүлөргө ылайык көрсөтүлөт: |

| | |
|---|---|
| | - Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна;<br>- Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна |
| 503 | Сатып алуу учурундагы мүлктүн наркы көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларацияны толтуруу күнүнө карата рыноктук (баалоо) наркы сом менен көрсөтүлөт Мүлктүн чет өлкөлүк валютадагы наркы сатып алуу учуруна карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча сом менен көрсөтүлөт, ал жок болгон учурда декларацияны толтуруу күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча рыноктук (баалоо) наркы сом менен көрсөтүлөт |
| 504 | Мүлктүн үлүшү, пайыз (%) менен көрсөтүлөт:<br>- мүлккө жеке ээлик кылган учурда 100% деп көрсөтүлөт |
| 505 | Салык төлөөчүнүн - чарбакер субъекттин идентификациялык номери |
| 506 | Чарбакер субъекттин толук дареги - жайгашкан жери |
| 507 | Чарбакер субъекттин аталышы |
| ИШЕНИМДҮҮ БАШКАРУУЧУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ | |
| 508 | Салык төлөөчүнүн - ишенимдүү башкаруучунун идентификациялык номери |
| 509 | Ишенимдүү башкаруучунун аты-жөнү/аталышы |
| 510 | Келишим колдонула башталган күн |
| 511 | Келишимдин колдонулушу аяктаган күн |
| 512 | Келишимдин N |
| IX БӨЛҮМ. __/__/______ КАРАТА ДЕКЛАРАНТТЫН ЖАКЫН ТУУГАНЫНЫН/ БАГУУСУНДАГЫ АДАМДЫН МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ(*) | |
| 601 | Милдеттенменин коду Милдеттенмелердин классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 602 | Милдеттенменин аталышы Милдеттенмелердин классификаторуна ылайык көрсөтүлөт |
| 603 | Кредитордун/зайым алуучунун аталышы |
| Милдеттенменин пайда болушунун негизи | |
| 604 | Келишим түзүлгөн күн |
| 605 | Келишимдин N ___ (эгерде бар болсо) |
| 606 | Милдеттенменин күнү |
| 607 | Милдеттенменин күчүнүн мөөнөтү аяктаган күн |
| 608 | Милдеттенменин суммасы, сом менен |
| Негизги карызды тындыруу суммасы | |
| 609 | Сом менен |
| 610 | Пайыз менен |
| Тындырылбаган негизги карыздын калдыгы | |
| 611 | Сом менен |
| 612 | Пайыз менен |
| (*) "Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1- жана 5-статьяларынын күчү жайылтылган адамдар гана толтурат | |
| X БӨЛҮМ. ДЕКЛАРАНТТЫН ДЕКЛАРАЦИЯЛОО МЕЗГИЛИНДЕГИ КИРЕШЕЛЕР, ЧЫГЫМДАР ЖАНА МҮЛК ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫЛАНГАН МААЛЫМАТТАР(*)<br>____ / ____/ ____ тартып ____ / ____/ ____ чейин | |
| 701 | Мамлекеттик/муниципалдык органдын аталышы |

| | |
|---|---|
| 702 | Декларанттын фамилиясы, аты, атасынын аты |
| 703 | Декларанттын отчеттук мезгилдин 31-декабрына карата кызмат орду (отчеттук мезгилдин ичинде кызматтан бошотулганда - "экс" жалгамасы менен) |
| 704 | Декларанттын/тууганадарынын кирешелери (жыйынтыктоочу сумма) |
| 705 | Декларанттын/тууганадарынын чыгымдары - алардын суммасы эсептөө көрсөткүчүнүн 3000 эселик өлчөмүнөн ашкан (жыйынтыктоочу сумма) бир жолку бүтүмдөр |
| 706 | Декларанттын/тууганадарынын кыймылсыз мүлкү Кыймылсыз мүлктүн классификаторуна ылайык |
| 707 | Декларанттын/тууганадарынын кыймылсыз мүлкүнүн аянты ($м^2$) |
| 708 | Чарбакер субъектинин аталышы, эгерде декларанттын/тууганадарынын кыймылсыз мүлкү анын уставдык капиталына кирген болсо |
| 709 | Декларанттын/тууганадарынын талап кылуу укугу жайылтылган чарбакер субъектилердин уставдык капиталындагы кыймылсыз мүлкүнүн үлүшү(%) |
| 710 | Декларанттын/тууганадарынын кыймылдуу мүлкү Кыймылдуу мүлктүн классификаторуна ылайык |
| 711 | Декларанттын/тууганадарынын транспорт каражаттары жөнүндө маалыматтар (маркасы, модели, чыккан жылы, кыймылдаткычтын көлөмү) |
| 712 | Декларанттын/тууганадарынын кыймылдуу мүлкү ишенимдүү башкарууга өткөрүлүп берилген чарбакер субъектинин аталышы |
| 713 | Декларанттын/тууганадарынын талап кылуу укугу жайылтылган чарбакер субъектилердин уставдык капиталындагы кыймылдуу мүлкүнүн үлүшү (%) |
| (*) "Саясий, атайын мамлекеттик жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын күчү жайылтылган адамдар тарабынан гана толтурулат. | |

## 3. Конвертти толтурууга карата талап

Конверттин жогорку сол бурчунда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын дареги көрсөтүлөт.

Конверттин төмөнкү оң бурчунда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) саясий жана атайын кызматтарды ээлеген адамдар үчүн - мамлекеттик органдын (ведомстволук бөлүмдүн) аталышы, ээлеген кызматы, аты-жөнү, ал эми кызматтан бошотулган адамдар үчүн - "экс-" приставкасы менен мурда ээлеген кызматы көрсөтүлөт;

2) административдик мамлекеттик кызматтарды ээлеген адамдар үчүн - мамлекеттик органдын (ведомстволук же аймактык бөлүмдүн) аталышы, конвертте болгон декларациялардын саны.

Жогорку жагынын оң бурчунда "ДЕКЛАРАЦИЯ" деп көрсөтүлөт.

Конверттин чапталган жери мамлекеттик органдын (гербдүү же кадрлар бөлүмүнүн) мөөрү менен бекитилет.